# Кредиттер

*(2013-жылдын 1-жарым жылдыгы үчүн)*

**1-график. Иштеп жатышкан коммерциялык банктардын бир мезгилдин акырына кредиттик карыздарынын динамикасы**




2013-жылдын биринчи жарым жылдыгында банктар сом түрүндө сыяктуу эле, валюта түрүндө карыз алышуулар боюнча пайыздык чендин төмөндөшүнүн алкагында, кредит портфелин өстүрүүнү улантышкан. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде банктардын чогуу алгандагы кредит портфелинин өсүшүнүн өзгөчөлүгүнүн бири айыл чарбасына берилген кредиттердин көлөмүнүн, атап айтканда, тармакты мамлекеттик колдоо боюнча чараларды жүзөгө ашыруунун натыйжасында мүмкүн болгон кыйла көбөйүшү болгон.

Ошону менен бирге эле, кароого алынып жаткан мезгил ичинде банк системасынын кредит портфелинин сапаттык мүнөздөмөлөрүнүн кыйла начарлашы байкалган. Алсак, кредит портфелинин жалпы көлөмүндө 3,3 пайызды түзгөн мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздардын үлүшүнүн өсүшүнүн жоктугуна карабастан, мындай кредиттердин көлөмү жыл башынан бери сандык мааниде алганда 18,2 пайызга өскөн. Мында, кредит портфелинин жалпы көлөмүндө пролонгацияланган кредиттердин салыштырма салмагы 0,3 пайыздык пунктка, 3,5 пайызга чейин төмөндөгөн.

Өтүп жаткан жылы “Айыл чарбаны каржылоо” мамлекеттик долбоорун жүзөгө ашыруу башталган, жазгы-талаа иштерин өз убагында өткөрүү жана айыл чарбасындагы мал чарбачылыгы менен кайра иштетүү секторун андан ары өнүктүрүү үчүн республиканын айыл чарба өндүрүүчүлөрүнө мамлекеттик колдоо көрсөтүү анын максатынан болуп саналат. Долбоордун шарты боюнча Өкмөт, коммерциялык банктарды жана адистештирилген финансы-кредит мекемелерин республикалык бюджеттин каражаттарынан жылына 10 пайыз чен боюнча жеңилдетилген кредиттерди жайгаштыруу үчүн субсидиялайт. Долбоор боюнча жалпы кредиттик карыз июндун акырына 2,6 млрд. сомду же банктын кредит портфелинин чогуу алгандагы көлөмүнүн 5,5 пайызын түзгөн.

2013-жылдын 1-жарым жылдыгынын акырына иштеп турган коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү жыл башынан бери 17,1 пайызга көбөйүү менен 47,0 млрд. сомду түзгөн (алмашуу курсунун өзгөрүүсүнө корректировкалоону эске алуу менен кредит портфели 15,6 пайызга өскөн). Мында, кредит портфелинин сом түрүндөгү бөлүгү 22,9 млрд. сом өлчөмүндө түптөлүү менен 23,5 пайызга көбөйгөн. Июнь айынын акырына чет өлкө валютасында берилген кредиттердин көлөмү жыл башына карата тиешелүү көрсөткүчтөн 11,6 пайызга жогорулоо менен 24,0 млрд. сомдук эквивалентти түзгөн (АКШ долларынын бекемделишин эске алуу менен көбөйүү 8,8 пайызды түзгөн).

2013-жылдын январь-июнь айларында банктардын улуттук валютадагы кредиттери боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 1,8 пайыздык пунктка, 21,2 пайызга чейин төмөндөгөн, ал эми чет өлкө валютасында чен жыл башындагы көрсөткүчтүн 17,3 пайыз деңгээлинде сакталган.

Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына тармактар боюнча алып караганда банктардын кредит портфели төмөнкүчө бөлүштүрүлгөн. Кредит портфелинин көпчүлүк бөлүгүн ээлеген соодага берилген кредиттердин үлүшү 1,5 пайыздык пунктка

(38,4 пайызга чейин) төмөндөгөн. Ипотекага берилген кредиттердин салыштырма салмагынын 9,6 пайызга чейин (-0,1 пайыздык пунктка) жана керектөө максаттарына - 9,4 пайыздан 8,6 пайызга чейин төмөндөгөн. Ошону менен бирге эле, өнөр жайга (0,1 пайыздык пунктка, 5,7 пайызга чейин) жана айыл чарбасына (3,3 пайыздык пунктка, 18,4 пайызга чейин) берилген кредиттердин үлүшү көбөйгөн. Жыл башынан бери курулушка берилген кредиттердин салыштырма салмагы кредит портфелининин жалпы көлөмүндө 5,4 пайыз деңгээлинде сакталуу менен өзгөргөн эмес. Транспорт, байланыш, даярдоо менен кайра иштетүү жана социалдык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүнө берилген кредиттер, мурдагыдай эле, бир аз үлүштө суммардык тартипте 4,2 пайызды түзгөн. “Жана башка” кредиттердин салыштырма салмагы 2013-жылдын январь-июнь айлары ичинде 10,3 пайыздан 9,6 пайызга чейин төмөндөгөн.

Өз кезегинде, көпчүлүк банктардын портфели айрым тармактарда жогорку концентрацияланган бойдон калган. Алсак, тармактарда банктардын кредит портфелинин концентрацияланышын көрсөткөн индекс 0,42 түзгөн, бул көпчүлүк банктардын кредиттеринин эки тармак ортосунда бөлүштүрүлүшүн көрсөтүп турат. Мындан тышкары, ар бир тармакта кредиттердин өзүнчө концентрацияланышы да жогору болгон: 11 тармактын ичинен 7 тармакта индекстин мааниси 0,18ден ашыкты түзгөн, бул ушул тармактарда бир аз сандагы банктардын катышуусу тууралуу айтып турат.

Кредиттөө рыногунун жалпы концентрациялануу көрсөткүчү 0,09 деңгээлде сакталган, бул рыноктун 10 банк ортосунда бөлүштүрүлүшүнө эквиваленттүү.

**2-график. Коммерциялык банктар тарабынан бир мезгил ичинде берилген кредиттердин динамикасы**




**3-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**



Банктардын кредит портфелинин убактылуу түзүмүндө 1 айдан 3 айга чейин мөөнөткө берилген, ошондой эле 6 айдан бир жылга чейин төлөө мөөнөтү менен кредиттердин көлөмүнүн азайышы белгиленген. Ошентип, кыска мөөнөттүү (бир жылга чейин) кредиттердин чогуу алгандагы салыштырма салмагынын 22,8 пайыздан 20,0 пайызга чейин төмөндөшүнө, ошондой эле мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыз үлүшүнүн мурдагыдай эле 3,3 пайыз деңгээлинде сакталышына байланыштуу, узак мөөнөттүү кредиттердин үлүшү 73,9 пайыздан 76,8 пайызга чейин жогорулаган. Кредит портфелинин убактылуу түзүмүндө ушул сыяктуу корректировкалоо, өз кезегинде дюрация көрсөткүчүнүн 27,6 айдан 27,8 айга чейин өсүшүнө алып келген.

**4-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**




2013-жылдын 1-жарым жылдыгында жаңыдан берилген кредиттердин көлөмү 26,5 млрд. сомду түзгөн, бул 2012-жылдын ушул эле мезгил ичинде берилген суммадан 45,9 пайызга жогору. Улуттук валютадагы кредиттер 61,7 пайызга, ал эми чет өлкө валютасында – 32,6 пайызга көбөйгөн. Мында, банктар тарабынан берилген кредиттердин чогуу алгандагы көрсөткүчүнүн өсүшүнүн эң эле маанилүү тармактык факторлору сооданы кредиттөө көлөмүнүн айыл чарба тармагына кредиттердин байкалган өсүшү менен бирге жогорулашы болгон.

2013-жылдын 1-жарым жылдыгы үчүн улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 20,9 пайызды түзүү менен 2012-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырмалуу 1,7 пайыздык пунктка, чет өлкө валютада – 0,4 пайыздык пунктка, 19,8 пайызга чейин төмөндөгөн.

Кредиттердин негизги көлөмү бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө берилген, анын натыйжасында жаңыдан берилген кредиттердин убактылуу түзүмүндө узак мөөнөттүү кредиттердин үлүшү 2,2 пайыздык пунктка, 71,8 пайызга чейин өскөн. Ошону менен бирге эле, кыска мөөнөттүү кредиттөөнүн түзүмүндө 0-1 ай мөөнөткө берилген кредиттердин үлүшү 5,7 пайыздык пунктка көбөйгөн.

Соодага берилген кредиттердин көлөмү 36,8 пайызга көбөйгөн, бул тармак мурдагыдай эле, жаңыдан берилген кредиттер түзүмүндө кыйла маанилүү болуп саналат (47,6 пайыз). Каралып жаткан мезгил ичинде, айыл чарбаны кредиттөөнүн (2,1 эсеге) олуттуу көбөйүшү белгиленген, ал эми ушул кредиттердин үлүшү 5,6 пайыздык пунктка, 19,3 пайызга чейин көбөйгөн. Ипотекалык кредиттердин көлөмү 81,2 пайызга өскөн, бул алардын үлүшүнүн 1,0 пайыздык пунктка, 5,3 пайызга чейин жогорулашына алып келген. Берилген керектөө кредиттеринин көлөмү да (+10,3 пайызга) өскөн, бирок алардын үлүшү 11,0 пайыздан 8,3 пайызга чейин азайган. Өнөр жайга, транспортко, байланышка, даярдоо жана кайра иштетүүгө, курулушка жана социалдык кызмат көрсөтүүлөргө берилген кредиттердин салыштырма салмагы суммасында 11,3 пайызды түзгөн. “Жана башка” кредиттердин үлүшү 2,7 пайыздык пунктка азайган жана 8,1 пайызды түзгөн.

Тармактар боюнча улуттук сыяктуу эле, чет өлкө валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин өзгөрүүсү ар башка багытта болгон. Улуттук валютадагы кредиттер боюнча чендердин төмөндөөсү өнөр жай, айыл чарба, транспорт, соода жана керектөө кредиттери сыяктуу тармактар боюнча белгиленген. Мында,

улуттук валютадагы кредиттер эң эле төмөн чен боюнча айыл чарбага (бир мезгил ичинде орточо алганда 17,7 пайыз), эң эле жогорку чен боюнча – байланышка (31,0 пайыз) берилген.

Чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча чендер соодадан тышкары, бардык тармактарда төмөндөгөн (кароого алынып жаткан мезгил ичинде даярдоо жана кайра иштетүү максаттарына кредиттер берилген эмес). Чет өлкө валютасындагы кредиттер эң эле жогорку чен боюнча соодага (орточо алганда 22,2 пайыз), ал эми эң эле төмөн чен боюнча – байланышка (бир мезгил ичинде орточо алганда 14,0 пайызда) берилген.

2013-жылдын 1-жарым жылдыгында улуттук валютадагы кредиттер боюнча реалдуу чендин орточо мааниси өткөн жылдын ушул эле мезгилиндеги 23,1 пайызга каршы 11,9 пайызды түзгөн.